КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__10_ протоколунда
«___21_»_август__2019-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Б.
16.03.2018-ж.

# №7 жалпы орто билим берүүчү орто мектебинин билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобо.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын “ Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык иштелип чыкты ,ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген билим берүү мекемеси жөнүндө №7 жалпы орто билим берүү мектебинин Уставына ылайык мектеп администрациясы тарабынан мектептин окуучуларынын билим сапатына жана ар кандай иш чаралар боюнча мониторинг жүргүзүүнүн мазмунун жана тартибин иретке келтирет.

1.2.Бул жобо мындан ары мектепте билим берүүнүн сапаты боюнча мониторинг жүргүзүүдө бирдиктүү талаптарды белгилейт.

1.3.Жобого толуктоолор жана өзгөртүүлөр педагогикалык кеңешменин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

1.4.Билим берүү мекемелеринде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү системасы, баалоо системасынын курамдык бөлүгү болуу менен билим берүүнүн сапаты жана билим берүү иш аракеттеринин маалыматтык камсыздоосу катары кызмат кылат.

1.5.Бул жободо төмөнкү терминдер колдонулат.

Мониторинг- процесстерге ,жыйынтыктарга башка мүнөздөмөлөргө системалуу көз салуу менен билим берүү мекемесинин ,билим берүү системасын өстүрүүгө жана өнүктүрүүгө багытталган максаттарга жетүү системасын жана анын иши жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгат.

Башкарууну маалыматтык камсыздоого багытталган айрым элементтерди билим берүүнүн сапатынын,билим берүүнүн тутумунун абалын каалаган учурда баалоого мүмкүндүк берет.,белгилүү убакыттын ичинде анын өнүгүшүнүн болжолдоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

## 2. Мониторингдин максаты жана милдеттери

2.1.Мониторингдин максаты билим берүү системасынын абалы жөнүндө маалыматтарды чолултуп жалпылайт, талдайт, аныктайт.

2.2.Мектептин билим берүү жана анын иштешинин негизги көрсөткүчү боюнча негизделген башкаруу кабыл алуу менен билим берүү системасын өнүктүрүү жана сапаттуу билим алууга жетишүүсүн жөнгө салат.

Билим берүүнүн 1- сапаты билим берүү системасынын интегралтык мүнөздөмөсү, ал билим берүүдө реалдуу жетишилген билим берүү натыйжаларынын ченемдик талаптарына ылайык келүүсүндө сапаттуу билим алууга жетишүү

## 2.3 Мониторингдин технологиясы жана уюштуруу

2.3. Мониторинг жүргүзүү билим берүүнүн сапатынын негизги аспектилерине багытталат:

- натыйжанын сапаты:
- шарттардын сапаты ;( программалык-методикалык,материялдык -техникалык, кадрлык маалыматтык-техникалык,уюштуруучулук ж.б
- процесстердин сапаты :

2.4. Мониторингдин багыттары өткөн окуу жылындагы мектептин ишинин жыйынтыгы боюнча билим берүү маселелерине жана милдеттерине ылайык бааланууч аспектиге байланыштуу билим берүүнүн сапатын аныктайт.

2.5.Мониторинг системасынын иштешинин негизги принциптери :

- ✓ объективдүүлүк;
- ✓ тактык;
- ✓ толуктук
- ✓ жеткиликтүүлүк
- ✓ системалуулук
- ✓ оптималдуулук
- ✓ жалпылоолук
- ✓ ыкчамдык
- ✓ технологиялуулук

2.6. Мониторингдин натыйжаларынын негизги колдонуучулары болуп башкаруу органдары, билим берүү мекемелеринин администрациясы жана педагогикалык кызматкерлери, окуучулар жана алардын ата-энелери,коомчулуктун өкүлдөрү болуп саналат,

## 3.мониторингдин технологиясы жана уюштуруу.

3.1. Мониторингдин жол -жобосун жүзөгө ашырууну уюштуруунун негизи план жана циклограмма болуп саналат, анда мониторинг жүргүзүүнүн формасы , багыттары, мөөнөттөрү жана тартиби аныкталат. Анын негизинде жылдык ,жарым жылдык , чейректик циклограмма түзүлүп мектеп директорунун буйругу менен бекитилген жана милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон мониторинг мектеп кызматкерлерине, жооптуу аткаруучуларга бекитилет.

3.2.Мониторинг эки формада жүргүзүлөт:

- туруктуу ( үзгүлтүксүз) мониторинг.
- Мезгил мезгили менен жүргүзүүчү мониторинг

Туруктуу мониторинг коюлган милдеттерге, суроо талаптардын тутумуна жараша тынымсыз жүргүзүлүп, тиешелүү технологиялар менен маалымат чогултуу аркылуу иштелип чыгат.

Мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү мониторинги планга ылайык мезгил-мезгили менен жүзөгө ашырылат.

3.3.Мониторинг деңгээлдүү иерархиялык структура болуп саналат жана төмөнкүлөрдү камтыйт.

Мектептин административдик деңгээли,
Предметтик мугалимдердин деңгээли
Усулдук бирикмелердин деңгээли
Класс жетекчилердин деңгээли

Мектепти башкаруу кеңешинин деңгээли
3.4. Мониторинг жүргүзүү бардык деңгээлдерде өз ара аракеттенүүнү талап кылат.

3.5.Мониторинг жүргүзүү үчүн директордун буйругу менен жооптуу адамдардын тобу, курамы дайындалып бекитилет Мониторинг жүргүзүүчү топтун курамына төмөнкүлөр кирет.ОТИ боюнча директордун орун басарлары ,предметтик УБнин жетекчилери.

3.6.Мониторинг жүргүзүү маалымат технолгияларын чогултуунун,иштеп чыгуунун,сактоонун бардык этаптарында кеңири колдонуучу заманбап технологиялар менен иштелип чыгат.

## 4. Мониторингди ишке ашыруу

4.1.Мониторингди ишке ашыруу төмөнкү иш-аракеттердин ыраттуулугун болжолдойт.

- Мониторинг объектисин аныктайт жана негиздейт;
- Мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган маалыматтарды чогултат;
- Маалыматты сактоону жана ыкчам пайдалануунун түзүлүшун камсыз кылат
- Мониторингдин жүрүшүндө алынган маалыматтарды иштеп чыгат;
- Мониторингдин жүрүшүндө маалыматтарды талдайт жана чечмелейт.
- Алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча документтерди даярдайт;
- Мониторингди пайдалануучулар арасында мониторингдин натыйжаларын жайылтат;

4.2.Мониторинг жүргүзүүнүн жалпы талабы:

Максатка ылайыктуулугу;

Жарактуулугу

Колдонууга жарамдуулугу

4.3. Мониторингдин алкагында колдонулган колдонулган өлчөө процедурасы төмөнкүлөрдү аныктоого багытталган:
Объектинин сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрү.

4.4.Билим берүү системасына сапаттуу баа берүүгө мүмкүндүк берүүчү негизги куралдар билим берүү системасынын алкагында окшош өзгөчөлүктөрдү жана өзгөрүүлөрдү талдоо, салыштырмалуу талдоо болуп саналат.

4.6. Билим берүүнүн сапатын иш жүзүндөгү баалуулуктарды аныктоонун негизги ыкмалары менен баалоодогу көрсөткүчтөр экспертиза жана өлчөө болуп саналат.
**Экспертиза**- билим берүү процессинин абалын, билим берүү ишинин шарттарын жана натыйжаларын ар тараптуу изилдөө
**Өлчөө** – контролдук өлчөө материялдары менен билим берүүнүн жетишкендиктеринин деңгээлин баалоо ( салттуу контролдук иштер,тесттер. Анкеталар,ж.б) стандартташтырылган формага ээ жана мазмуну мектепте ишке ашырылып жаткан билим программаларына ылайык келет.

## 5. Мониторинг жүргүзүү ыкмалары:

- ✓ эксперттик баалоо
- ✓ тестирлөө
- ✓ анкета
- ✓ рейтинг
- ✓ контролдук жана башка квалификациялык иштерди жүргүзүү.
- ✓ маалыматтык аналитикалык жана статистикалык иштеп чыгуу ж.б.
- ✓ байкоо,
- ✓ анкеталоо

- ✓ Мониторинг түзүунун иерхиялуулук принцибине ылайык көрсөткүчтөр жана параметрлер ,мониторингдин көрсөткүчтөрүнүн системасына төмонку деңгээлде киргизилет.

## 6. Негизги багыттар:

6.1.Мониторингдин түрлөрү

- башталгыч мектепте окутулган негизги жалпы билим берүү предметтери боюнча билимдердин жана жөндөмдөрдүн жалпы деңгээлин;
- -Мамлекеттик (жыйынтыктоочу ) аттестациялоочунун негизинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү
- 9-класстын бүтүрүүчүлөрүнө мониторинг жүргүзүү
- бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун негизинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү
- 11- класстарга мониторинг жүргүзүү:
- Бардык класстарды аяктагандан кийин окуу жетишкендиктерине мониторинг жүргузүү жана диагностикалоо.
- Ар бир окуу предмети боюнча окуу жылы аяктагандан кийин жалпы билим берүү(баштапкы, чейрек, жыйынтыктоочу жана тышкы контролдун алкагында)
- -Мектепте тарбиялоонун деңгээлине жана сапатына мониторинг жүргүзүү:
- -теманы ,окуу предметин окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү

6.2. Мониторингден алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча тиешелүү документтер даярдалат ( отчёттор,справкалар, баяндамалар) анын жыйынтыгы мектептин педагогикалык коллективине ,ата -энелерге ж.б. тиешелүү билим берүү мекемелерине маалымданат .